**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ**

# 2025-2026-окуу жылына карата Эл аралык медицина факультетинин 1-курсунун студенттеринин химия предметинен билим деңгээлин аныктоо үчүн жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары

**Ош, 2025**

Мониторингге жалпы 1- курстун 6 агымынын студенттери катышты. Катышкан студенттердин жалпы саны -963. GM1дин 1-агымынан -177 студент, 2-агымдан – 135, 3-агымдан 182 студент, GM2нин 1-агымынан – 180, 2-агымынан 160, 3-агымынан 129 студент катышты.

Мониторинг өтүлгөн күн: 28-октябрь, 2025-жыл.

Жалпы суроолордун саны – 20, варианттардын саны – 3.

Мониторингдин натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыктар алынды:






# SWOT анализ

| Анализ категориясы | Мазмуну |
|---|---|
| Strengths (Күчтүү жактары) | • GM1-3 (63% → 51%) жана GM2-3 (62% → 57%) топтору эң туруктуу жана жогорку көрсөткүчтөргө ээ.<br>• Сапаттык көрсөткүчтөрдүн өсүшү окутуунун натыйжалуу болгонун далилдейт.<br>• Окутуучулардын методдорунун жана сабак процессинин оң таасири байкалат. |
| Weaknesses (Алсыз жактары) | • Кээ бир агымдарда сапаттык көрсөткүч төмөн (мисалы, GM1-1 - 28%, GM2-2 - 28%).<br>• Абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн айырмасы чоң, бул билимдин сапатын чыңдоону талап кылат.<br>• Айрым студенттер негизги түшүнүктөрдү толук өздөштүрбөй калган болушу мүмкүн. |
| Opportunities (Мүмкүнчүлүктөр) | • Төмөн көрсөткөн топтор үчүн кошумча сабактар жана практикалык иштерди көбөйтүү.<br>• Дифференциалдуу окутуу (жекече иштөө) аркылуу жалпы сапатты көтөрүү.<br>• Интерактивдүү жана практика багытындагы сабактарды көбөйтүү менен сапаттык көрсөткүчтү жогорулатуу. |
| Threats (Коркунучтар) | • Айырмачылыктардын чоң болушу агымдардын тең салмактуулугуна терс таасир тийгизиши мүмкүн.<br>• Сапаттык көрсөткүчтөрдүн айрым топтордо төмөн болушу студенттердин мотивациясын азайтышы мүмкүн.<br>• Эгерде тиешелүү чаралар көрүлбөсө, билим сапаты стабилдүү деңгээлге жетпей калышы мүмкүн. |

Эл аралык медицина факультетинин 2025–2026-окуу жылына карата 1-курс студенттеринин билим деңгээлин аныктоо боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарына таянып, төмөнкүдөй **сунуштар** киргизилет:

- Диагностикалык тесттердин жыйынтыктары айрым агымдарда (айрыкча **GM1-1**, **GM2-2**) студенттердин билим деңгээли төмөн экенин көрсөттү.
- Окутуу процессинин эффективдүүлүгү топтор ортосунда айырмаланып турат, бул **дифференциалдуу иштөөнү** талап кылат.

1.Төмөн көрсөткөн агымдар менен кошумча иш жүргүзүү:

Консультациялар, практикалык сабактар жана индивидуалдуу колдоо уюштурулсун;